ISBN 9967-410-59-0

# БГУ жарчысы




# Вестник БГУ

Верно:

№1(43) 2018

Ученый секретарь БГУ З.А. Сейтканова

Подписной индекс 77382

# БГУ жарчысы
# Вестник БГУ

№ 1(43)
2018

К.КАРАСАЕВ атындагы БИШКЕК ГУМАНИТАРДЫК УНИВЕРСИТЕТИНИН ИЛИМИЙ ЖУРНАЛЫ

НАУЧНЫЙ ЖУРНАЛ БИШКЕКСКОГО ГУМАНИТАРНОГО УНИВЕРСИТЕТА им. К.КАРАСАЕВА

ISBN 9967-410-59-0

Башкы редактор
**А.И. МУСАЕВ**
филология илимдеринин доктору, профессор

Башкы редактордун орун басары
**Г.М. МУРЗАХМЕДОВА**
филология илимдеринин доктору, профессор

**РЕДАКЦИЯЛЫК КЕҢЕШ**

**АКМАТАЛИЕВ А.А.** - филология илимдеринин доктору, академик
**БАЙГАЗИЕВ С.Б.** - филология илимдеринин доктору, профессор
**ИСАЕВ К.И.** - философия илимдеринин доктору, профессор
**КАНИМЕТОВ Ж.К.** - педагогика илимдеринин доктору, профессор
**ТЫНАЛИЕВА Б.** - медицина илимдеринин доктору, профессор
**САДЫКОВ А.С.** - филология илимдеринин доктору, профессор

**ИЛИМИЙ-РЕДАКЦИЯЛЫК КОЛЛЕГИЯНЫН МҮЧӨЛӨРҮ**

**АБДУЖАБАРОВ Х.А.** - тарых илимдеринин кандидаты
**АКМАТОВ Б.М.** - педагогика илимдеринин доктору
**АСАНОВА А.А.** - филология илимдеринин кандидаты
**ЕЛЕБЕСОВА С.А.** - педагогика илимдеринин кандидаты
**ИСКЕНДЕРОВА С.И.** - филология илимдеринин доктору, профессор
**ИСМАИЛОВА Э.И.** - философия илимдеринин доктору, профессор
**ИШЕМКУЛОВ Т.И.** - профессор
**КОЗУЕВ Д.И.** - филология илимдеринин кандидаты
**МАШРАПОВ Т.Т.** - тарых илимдеринин кандидаты
**ОРОЗАЛИЕВ Э.С.** - философия илимдеринин доктору, профессор
**САВИН В.Е.** - экономика илимдеринин доктору, профессор
**СЕЙИТБАЕВ Б.Т.** - саясий илимдеринин кандидаты
**ЧОГУЛДУРОВ М.Д.** - география илимдеринин кандидаты

Илимий журнал
2003-жылы негизделген
**Жылына 4 жолу
жарык көрөт**

Журнал КРнын Адилет
министрлигинен 2001-жылы 2-мартта
каттоодон өткөн.
**Каттоо күбөлүгү № 504**

Журнал
2017-жылдан
РИНЦтин
түзүмүнө кирди

© К.Карасаев
атындагы Бишкек
гуманитардык
университети

# МАЗМУНУ

Уважаемые читатели! ... 3

ПЕДАГОГИКА

**Качиева А. Е.** “Этнопсихология” предметин контексттик принциптердин негизинде окутуу ... 4
**Абдыракунова Ж. С.** Үй-бүлө тарбиясынын балага кесипке багыт берүү процессиндеги орду ... 6
**Али Актюрк.** Социально-педагогический подход по формированию профессиональной компетентности будущих социальных педагогов ... 9
**Сулайманкулова Ж. К., Бактыкалый к. Гулжайнар** Оозеки чыгармалардын элдик педагогикага тийгизген таасири ... 13
**Байтокова А. С.** Айтматовдун мугалимдери болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандыруунун үлгүсү катары ... 15
**Токсонбаев Р. Н., Нұрғазиев Е. Ұ.** Методика использования интерактивных технологии обучения на уроках географии как средство формирования познавательного интереса учащихся ... 18
**Кайбылдаева Н.А.** Тектеш эмес тилдердеги антитездин семантикалык түзүлүшүнүн которуу өзгөчөлүгү ... 20
**Токсонбаев Р. Н., Нұрғазиев Е.Ұ.** Актуальность применения инновационных педагогических технологий в процессе обучения учащихся в средних школах ... 23
**Токоева Ж.Т.** Идейно-нравственное воспитание средствами киноискусства ... 26
**Син Елисей Елисеевич.** О некоторых педагогических приоритетах в воспитании детей у алтайских народностей ... 30
**Усманова Н. М.** Fostering university students' emotional well-being through practicing collocations.. 33
**Алимбеков А.** Байыркы түрк элдеринде балдарды жоокердик өнөргө даярдоодогу ата-энелердин орду ... 36
**Жуматаева А. С.** Кыргыз макал-лакаптарында балдарды улууларды урматтоого тарбиялоо идеялары ... 39
**Янкын Н. В.** Прагмалингвистический аспект речевого акта «пожелание» в русском и турецком языках ... 41
**Жумаш кызы Элмира.** Кыргыз жана англис тилдериндеги «достук» концептинин лингвомаданияттык анализи ... 45
**Карагулова М. Ш.** Теоретические предпосылки изучению фразеологических средств концептуализации эмоций кыргызского и английского языков ... 48
**Аалиева Ш.К.** Саясий лидердин өзгөчө сапаттары ... 51
**Таирова К.** Кыргыз жазуучуларынын чыгармалары аркылуу жогорку класстын окуучуларын мекенчилдикке тарбиялоо процессин моделдештирүү ... 54
**Малдыбаева М.Б.** Грамматическая интерференция в русской речи тюркоязычных учащихся ... 58
**Абдиев Т.К.** Дореволюционные русизмы в кыргызском языке ... 61
**Кошалиева С.Ш.** Кыргыз элинин макал-лакаптары, анын үй-бүлөдө баланы тарбиялоодогу ролу ... 64
**Бекмырзаева А.Б.** Психолого-педагогические особенности студенческого возраста и их учет в воспитании гражданственности будущего учителя ... 67
**Сегизбаева Н. К.** Кыргыз тилин үйрөтүүдө деңгээлдер боюнча коммуникациялык компетенцияны өнүктүрүү маселелери ... 71
**Базакечова Г. Э.** Болочок мугалимдин укуктук компетентүүлүгү ... 74
**Нурманбетова Г.К.** Вопросы нравственного воспитания в этнопедагогике кыргызского народа ... 77
**Байсубанова А.К.** Концептуальные подходы к вопросу толерантности ... 80
**Качкын уулу Алтынбек.** Кесиптик-педагогикалык маданиятты калыптандыруунун критерийлери жана көрсөткүчтөрү ... 83
**Джумагулова Г. А.** Болочок социалдык педогогдордун кесиптик компетенттүүлүгүнүн инсандык компоненти ... 85
**Мажитова З.** Оозеки кепти өстүрүүнүн усул-ыкмалары ... 87
**Ибрагимова С.** Ж.Баласагын балага берген тарбия жөнүндө ... 92
**Джумагулова Г. А.** Болочок мугалимдердин кесиптик компетенттүүлүгүнүн чыгармачылык компоненти ... 95
**Ибраимова Ж.Т.** Макал-ылакаптардын тарбиялык мааниси жана таасири ... 98
**Абдыкаимова С. Ю.** Коллективное бессознательное как фактор объединяющий алтайские народы ... 101
**Асипова Н. А.** Этнопедагогическое образование студентов в поликультурной среде ... 103
**Дюсембинова Р.К., Байназарова Т.Б., Тулеужанова К.А.** Этнопедагогическое наследие казахского народа как фактор духовно-нравственного воспитания студентов вуза ... 106
**Байызбекова А.А.** Использование видеоматериалов в процессе преподавания русского языка как иностранного ... 112
**Бикбулатова А. Р.** Из истории татар города Каракол ... 116
**Джунушева Б. А., Суералиева Д. С.** Гендерная социализация школьников ... 118
**Иманкулова С. Э.** Кыргыз Республикасында инклюзивдик билим берүүнүн өнүгүшү ... 122
**Исмаилова Г.Д.** «Азыркы табият таануунун концепциялары» курсун окутууда студенттердин өз алдынча иштерин уюштуруу ... 124
**Касымбекова Э.Т.** Т. Касымбековдун чыгармаларын окутуунун методологиялык, дидактикалык негиздери ... 127
**Кенжекараева Ч. М.** Кыргыз элдик педагогикасындагы адептүүлүккө тарбиялоонун теориялык негиздери ... 130
**Койлубаева Н.К.** Эне үлгүсү адептүүлүккө тарбиялоонун мыкты усулу ... 132
**Молдалиева А. Ж.** Азыркы учурдагы окуучулардын этномаданияттык тарбиясы ... 134
**Мураталиева М.** Вопросу формирования компететностной модели выпускника вуза педагогической направленности ... 136

*УДК: 37.013:821.512.154*

***Таирова К.***
*БГУнун окутуучусу*

# КЫРГЫЗ ЖАЗУУЧУЛАРЫНЫН ЧЫГАРМАЛАРЫ АРКЫЛУУ ЖОГОРКУ КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫН МЕКЕНЧИЛДИККЕ ТАРБИЯЛОО ПРОЦЕССИН МОДЕЛДЕШТИРҮҮ

# МОДЕЛИРОВАНИЕ ПРОЦЕССА ПАТРИОТИЧЕСКОГО ВОСПИТАНИЯ СТАРШЕКЛАССНИКОВ СРЕДСТВАМИ ПРОИЗВЕДЕНИЙ КИРГИЗСКИХ ПИСАТЕЛЕЙ

# MODELING THE PROCESS OF PATRIOTIC EDUCATION OF PUPILS THROUGH THE WORKS OF KYRGYZ WRITERS

***Аннотация:*** *Макалада мектеп окуучуларын адабий чыгармалар аркылуу мекенчилдикке тарбиялоону моделдештирүү маселелери каралган. Анын негизги компоненттери болгон критерийлер менен уюштуруу принциптерин айкындоого өзгөчө көңүл бөлүнгөн.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *мекенчилдикке тарбиялоо, көркөм адабият, окуучу, моделдештирүү, критерийлер, көрсөткүчтөр, принциптер.*

***Аннотация:*** *В статье рассмотрены проблемы моделирования процесса патриотического воспитания учащихся средствами художественной литературы. При этом особое внимание уделено определению критериев и принципов патриотического воспитания в качество его основных компонентов.*

***Ключевые слова:*** *патриотическое воспитание, художественная литература, учащийся, моделирование, критерии, показатели, принципы.*

***Annotation:*** *The article deals with the problems of modeling the process of patriotic education of pupils by means of fiction. At the same time, special attention is paid to the definition of the criteria and principles of patriotic upbringing in the quality of its main components.*

***Key words:*** *patriotic education, fiction, students, modeling, criteria, indicators, principles.*

Окуучуларды мекенчилдикке тарбиялоодо чечүүчү роль окуу процессине айрыкча гуманитардык окуу предметтерине таандык экендиги көптөгөн А.Алимбеков, Б. Апышев, Н.А. Асипова, С.О. Байгазиев, М.Р. Балтабаев, И.Б. Бекбоев, Ж. Бешимов, А.Э. Измайлов, Н.И. Имаева, К. Иманалиев, С. Иптаров сыяктуу ж.б. окумуштуулардын эмгектерине эскертилип тастыкталган. Ошону менен бирдикте бүгүнкү окуу планында адам тарбиялоочу сабактардын орду өтө эле жупуну экендигин ачуу чындык катары моюнга алууга тура келет. Алсак, башталгыч класстардын окуу планы 7 тармактык сабактардан турат. Тилдик, математикалык сабактар окуу планындагы окуу жүктөрдүн 70%ын түзөт. Ал социалдык көндүмдөрдү, эстетикалык маданиятты түптөөгө бөлүнгөн 5 тармакка окуу жүктөрдүн 30%ы эле туура келет. Бул эл аралык стандарттарга карама-каршы келет. [1, 44]

Жогорку класстарда деле абал ушундай. Гуманитардык сабактардын окуу программаларынын мазмунун Кыргыз Республикасынын мекенчил атуулун тарбиялоо максатына ылайык анализдеп, өркүндөтүп чыгуу зарыл. Бул предметчилер менен тарбиялоо теориясы боюнча адистердин катышуусу, экспертизасы аркылуу ишке ашышы шарт. Ал эми окутуу системасындагы эң башкы каражат окуу китептеринин мазмуну. Мектептик окуу китеби түздөн-түз мектеп окуучусуна арналгандыгына карабастан, ал ошол эле мезгилде мугалим үчүн эмгек

куралы. Буга өз мезгилинде К.Д. Ушинский көңүл бөлүп, бүткүл окутуу процесси үчүн окуу китебинин ролун төмөндөгүдөй сөздөр менен мүнөздөгөн: «Жакшы окуу китеби жана таасирлүү метод болгондо ортозаар окутуучу жакшы болушу мүмкүн, ал эми тигиниси да, мунусу да болбосо мыкты окутуучу да ... узак мезгил бою, мүмкүн такыр эле туура жолго чыга албайт». [7, с. 48].

Биз мурдагы эмгектерибизде орто мектептин кыргыз адабияты сабактарынын мазмунунун балдарды мекенчилидикке тарбиялоо потенциалы тууралуу сөз кылып айрым кем өксүктөр орун алгандыгына карабастан аталган маселени ишке ашырууга баштапкы мүмкүнчүлүктөр бар экендигин белгилегенбиз. [4, 5] Мисал иретинде 9–11-класстардын окуу китептеринде Т.Сыдыкбековдун «Көк асаба» романындагы, Ч.Айтматовдун «Саманчынын жолу» повести менен Т.Касымбековдун «Сынган кылыч» романдарындагы эл-жерди коргоонун, сүйүүнүн жанаага кызмат кылуунун мыкты үлгүлөрү керектүү деңгээлде интерпретацияланганын байкоого болот.

Мындай интерпретациялоолор методикалык-педагогикалык адабияттарда да даана байкалат. Атап айтканда, профессор С.Байгазиевдин «Педагогикалык руханият» (Б., 2008), п.и.д. А.Муратовдун «Көркөм чыгарма жана анын ички сырлары» (Б., 2009), «Кыргыз адабияты сабагында көркөм тексттин маңызын ачуу». (Б., 2009) ж.б. методикалык эмгектеринде кыйла деңгээлде кеп болгон.

Жогорудагы окумуштуулардын интерпретацияларына кошулуу менен биз да окуучулардын патриоттук сезимдерин ойготууда жана өз Мекенин сүйүүгө тарбиялоодо мектептеги адабият курсу үчүн тандалып алынган чыгармалардын мааниси чоң экендигин белгилейбиз. Ошону менен бирдикте адабий көркөм чыгарма кандай гана күчтүү таанымдык жана тарбиялык дараметке ээ болбосун атайын уюштурулган таалим-тарбия мейкиндиксиз өзүнөн өзү тарбиялык таасир көрсөтө албайт. Кезегинде бул окуучуларды кыргыз жазуучуларынын чыгармалары аркылуу тарбиялоо процессин моделдештирүү зарылдыгын жаратат.

Аталган максатты ишке ашыруунун моделин иштеп чыгууда төмөнкүдөй жоболорго таяндык:

– тарбиялоо процесси окуу процесси сыяктуу эле бүтүн педагогикалык процесстин негизги компоненти;

– тарбиялоо инсандын өнүгүүсүн камсыз кылган шарттарды түзүү, инсандын калыптанышы, дөөлөттөр дүйнөсүндө өзүн-өзү аныктоосуна багытталган педагог менен тарбиялануучунун алака катышта аракеттенүү процесси;

– билим берүү программалары олуттуу тарбиялык потенциалга ээ; анын мүмкүнчүлүктөрүн жүзөгө ашыруу атайын уюштурулган тарбиялык чөйрөнү (иш формаларын, методдорун конструкциялоо) жаратуудан көз каранды.

Ошентип тарбия процесси тарбиялоонун максаты, багыты, мазмуну, тарбиялоо процессин уюштуруунун каражаттары жана усулдары, натыйжаларды өлчөө жана баалоо критерийлери сыяктуу компоненттер системасынан турат

Изилдөөнүн түйүндүү түшүнүктөрүнө, аталган процесстин табияты тууралуу педагогика илим фонундагы изилдөөлөргө жана ошондой эле өзүбүздүн эмпирикалык изилдөөлөрүбүздүн маалыматтарына таянуу менен «Кыргыз жазуучуларынын чыгармалары аркылуу окуучуларды мекенчилдикке тарбиялоо» деген түйүндүү түшүнүктү төмөнкүчө айкындап, тактоого мүмкүнчүлүк берди.

*"Кыргыз жазуучуларынын чыгармалары аркылуу мекенчилдикке тарбиялоо"* дегенде биз жазуучулардын чыгармаларындагы мазмунундагы нравалык- этикалык, эстетикалык дөөлөттөрдү өздөштүрүү аркылуу балдарда эл жерди коргоо, эне тил, элдик ырасымсалттарды өнүктүрүүгө моралдык–психологиялык жактан жеткилен инсандык касиеттерди тарбиялоого багытталган максаттуу, үзгүлтүксүз, ырааттуу уюштурулган педагогикалык процессти түшүнөбүз.

Кыргыз жазуучуларынын чыгармалары аркылуу окуучуларды мекенчилдикке тарбиялоону моделдештирүүнүн маанилүү багыттарынын бири анын *критрерийлерин* көрсөткүчтөрүн илимий жактан негиздеп иштеп чыгуу жана практикада колдонуу.

Критерий бул норма, чен-өлчөм. Түпкүлүгүндө изилденүүчү кубулуштун процесстин эң жогорку өнүккөн деңгээлинин үлгүсү, эталону катары кызмат кылат. Бирок, мындай функцияны аткарыш үчүн критерий көп кырдуу компоненттерден өлчөө, баалоо үчүн ийкемдүү көрсөткүчтөрдөн турушу шарт.

Окуучуларды көркөм адабий чыгармалар аркылуу патриоттуулукка тарбиялоо, патриоттук аң-сезим жана патриоттук ишмердүүлүктүн биримдиги жөнүндөгү педагогикалык принципке негизделет.

Балдардын адабий чыгармалардын идеяларынын жана идеалдарынын үлгүсүндө тарбиялангандыгын мүнөздөөчү көп кырдуу көрсөткүчтөрдүн баары дал ушул принципке интеграцияланат.

**Окуучулардын адабий чыгармалар аркылуу патриоттуулукка тарбиялангандыгынын критерийлери, деңгээлдери**

| Деңгээлдер | Критерийлер | Критерийлердин көрсөткүчтөрү |
|---|---|---|
| **Төмөн** | керектөө | Көркөм адабиятты руханий тарбия маданиятындагы уникалдуу дөөлөт катары кабылдоо сезиминин жетилбегендиги. Ата–мекендин тарыхый маданий салттарына кызыкпагандык. |
| | билим | Адабий чыгармалардагы Ата Мекен, атуулдук парыз, улуу муундардын өрнөктөрү жөнүндөгү билимдеринин тайыздыгы. |
| | жүрүм -турум | Мекен үчүн жалпы иштерге пассивдүү катышуу, ата–бабалардын мекенчилдик салттарын өз жүрүм турумунда өнүктүрө албагандык. |

| | | |
|---|---|---|
| Орто | керектөө | Адабий чыгармаларды айрыкча фольклордук жанрдагы чыгармаларды улуттук руханий тарбия маданиятындагы уникалдуу дөөлөт катары кабылдоо сезими байкалат, Ата Мекендин тарыхый маданий салттарына кызыгуусу бар, бирок алар туруктуу эмес. |
| | билим | Адабий чыгармалардагы Ата Мекен, атуулдук парыз, улуу муундардын өрнөктөрү жөнүндөгү билимдерди билет, бирок алардын азыркы турмуш менен байланышын жеткилең билбейт. |
| | жүрүм -турум | Мекен үчүн жалпы иштерге катышат, бирок туруктуу мүнөзгө ээ эмес, ата-бабалардын мекенчилдик салттарын өз жүрүм турумунда толук өнүктүрө алган эмес. Көпчүлүктүн көзүнчө гана сактоого аракет кылуу . |
| Жогору | керектөө | Ата Мекендин тарыхый маданий салттарына кызыгуусу жогору жана туруктуу. |
| | билим | Адабий чыгармалардагы Ата Мекен, атуулдук парыз, улуу муундардын өрнөктөрү жөнүндөгү билимдери программанын чектеринен алда канча жогору. |
| | жүрүм -турум | Мекен үчүн жалпы иштерде демилгелүү. Ата-бабалардын мекенчилдик салттарын өз жүрүм турумунда толук өнүктүрө алган. Атуулдук иш-аракеттери дайыма башкалар үчүн өрнөк. |

Адабий чыгармалардын идеяларынын жана идеалдарынын негизинде патриоттуулукка тарбиялоонун критерийлерине жана көп кырдуу көрсөткүчтөрүнө негизденип анын мазмунун төмөнкүдөй компоненттерге бөлүп кароого болот.

**Когнитивдик (таанымдык) компонент** окуучулардын патриотизм жөнүндөгү этномаданиятка адабий чыгармалардын идея жана идеалдарына негизделген түшүнүктөрүн, билимдерин өнүгүш деңгээлин мүнөздөйт. Адабий чыгармалардын мекенчилдикке байланыштуу түшүнүктөрдү калыптоодо андагы ички байланышты, уланмалуулукту бекем сактоо зарыл. Антпесе бирдиктүү адептик аң-сезимди тарбиялоо жолу бузулат. Айрым сөздөрдүн, түшүнүктөрдүн, туюнтмалардын маани-маңызы улам класс жогорулаган сайын тереңдеп, алардын жаңы кырлары, маанилери ачылып жүрүп олтурушу керек. Окуучулар адабий чыгармалардагы мекен, эл жер алдындагы парыз түшүнүктөрүнүн ортосундагы маанилик айырмаларын жана байланыштарын ачык так билиши абзел. Аң-сезим, парасат менен өздөштүрүлгөн адептик түшүнүктөр гана мекенчилдик аң-сезимди жаратат. Бирок, С.В. Яковлев: «жүрүм-турум (социалдык, маданий, адептик) нормаларын билүү чыныгы жашоодо окуучулардын бул нормаларды сактоосун камсыздабайт», – деп адилет белгилейт [9, 26 ].

**Көз караштык дөөлөттүк компонент** – окуучулардын патриоттук түшүнүктөргө карата көз караштарын, ишенимдерин, ынанымдарын мүнөздөйт. Адептик ынанымдар – адептик нормаларга жана принциптерге карата бекем, туруктуу көз караш. Алардын акыйкаттыгына, тууралыгына окуучу өз аң-сезиминде терең, шексиз ишенет. Ошондуктан, адептик ынанымдар адамды жүрүм-турумдун кандайдыр бир нормасына салып, активдүү аракетке, кадам жасоого, жигердүү ишке шыктантып турат. Алар адамдын коомдук жүрүм-турумунун өзөгүн түзүү менен аны аныктап да турат. Адептик ынанымдар саясий, идеологиялык, илимий ынанымдар менен байланыштуу. Жетик, терең ынанымдар туруктуу, бекем көз караштардын бирдиктүү системасын түзүү менен адамдын дүйнөгө болгон көз карашын аныктайт.

**Жүрүм турумдук компонент-** инсандын реалдуу патриоттук аракетери жорук жосундары аркылуу ачыкталат. Жүрүм турумдук компонент – мекенчилдик мүнөздөгү таанып-билүү, практикалык жана чыгармачылык билимдин калыптануусуна, эрк сапатынын өнүгүүсүнө багытталган адамдардын иш-аракетинин түрлөрүн жана ыкмаларын камтыйт. Ал муундар аралык руханий-ыймандык жана маданий-тарыхый уланмалуулукту бекемдөөгө, ата-мекен тарыхы, эне –тил, элдик салттарды сактоого изгилик жана күйүмдүүлүк; улуттук ыйык дөөлөттөрдү жана символдорду сыйлоо, коомго жана мамлекетке жан аябай татыктуу кызмат кылууга чын ыкластуу иш-аракет; адабий чыгармалардын мазмунунда орун алган даанышман осуят насыяттарды, инсандык өрнөктөрдү окуп үйрөнүп өздөштүрүүгө карата жигердүү аракет; ата мекенди, эне тилди, ата-баба салттарын коргоо, өнүктүрүү үчүн зарыл болгон билгичтик, көндүм жана тажрыйбалардын калыптангандыгы; ата журттун гүлдөп өнүгүүсү, мекендештеринин бейпил жыргал турмушу үчүн патриоттук иш аракеттердин субъекти катары социалдык активдүүлүгү сыяктуу сапаттар менен өлчөнөт. Аталган мазмундук компоненттердин ички мазмуну төмөнкүдөй критерийлердин жана көрсөткүчтөрдүн негизинде ачыкталат.

*Кыргыз жазуучуларынын чыгармалары аркылуу мекенчилдикке тарбиялоонун* мазмундук структурасын, критериалдык көрсөткүчтөрүн анализдеп келип төмөнкүдөй тыянак чыгарууга болот:

- бардык компоненттер жана көрсөткүчтөр бири бири менен өз ара тыгыз катышта аларды бири биринен ажыратып кароого болбойт алар тутумдаш турганда кайтарымдуу;

- таалим-тарбиянын мазмунун өркүндөтүү талабы курч коюлуп турган чакта аны мүнөздөөчү критериалдык көрсөткүчтөрдүн көлөмү да көп кырдуу аспектте кеңейе бериши мыйзам ченемдүү көрүнүш.

Адабият сабагынынын алкагында жана жалпы эле педагогикалык процессте окуучуларды патриоттуулукка тарбиялоо процессин төмөнкүдөй принциптердин негизинде уюштуруу максатка ылайык.

1. Адабий чыгармалардын мазмунундагы жалпы адамзаттык жана улуттук патриоттук идеяларды жана өрнөктөрдү өз ара байланышта жетекчиликке алуу.

2. Мекенчилдикке тарбиялоо ишин бүгүнкү коом турумушунун практикасы, бала жашаган социумдун өзгөчөлүктөрүнө шайкеш уюштуруу.

3. Балдардын курактык жеке психологиялык өзгөөлүктөрүн сөзсүз эсепке алуу.

4. Адабий чыгармалардын патриоттук дөөлөттөүн өздөштүрүүдөгү аң сезимдүүлүк жана активдүүлүк ринциби. Педагогикалык процессте патриоттуулука тарбиялоодо жагымдуу эмоционалдык жагдай түүгө, окуучулардын чын-ыкластуу активдүүлүгүн ртырууга өбөлгө болгон методдорго артыкча маани берүү.

Албетте, мындай принциптерди жетекчиликке луу адабий чыгармалардын окутуунун максат мазмуунун, усул ыкмаларын олуттуу коррекциялоо талабын каратат. Экинчиден, адабият мугалиминин окуучулар ды адабий чыгармалар аркылуу тарбиялоо жаатындагы теориялык жана практикалык даярдыгын олуттуу эркүндөтүүнү талап этет. Ал көркөм сөздөгү айтылган эмоционалдык-образдын маани маңызын ачуучу методдор менен ыкмаларды терең өздөштүргөн жана өзү да мекенчилдиктин асыл үлгүсү болушу абзел.

***Адабияттар***


1. *Алимбеков А. Тарбиянын максатын айкындоонун тарыхый негиздери жана азыркы проблемалары.//Окутуу тарбиялоонун орчундуу көйгөйлөрү. -Жалал-Абад. -2012.-44-48 б.б*

2. *Кыргыз Республикасынын Президентинин «Кыргызстан элинин тарыхый жана маданий мурастарын окуп-үйрөнүүнү тереңдетүү жана атуулдук мекенчилдикти калыптандыруу боюнча чаралар жөнүндөгү» указы. // Кут Билим, 2012, 27-январь*

3. *Никольский, В.А. Методика преподавания литературы в средней школе [Текст] / В.А. Никольский. – М., 1971.*

4. *Таирова К. «Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы жашмуундарды мекенчилдикке тарбиялоо мотивдери.» И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик Университетинин Жарчысы. Чыгарылышы: 1 (2017), 2-бөлүк, -130 б.*

5. *Таирова К. «Мектептин адабият окуу китептериндеги фольклордук чыгармалардын мекенчилдикке тарбиялоо мүмкүнчүлүктөрү». // Наука, Новые Технологии и Инновации Кыргызстана. №9, 2017, 191-б.*

6. *Тешебаев М. «Кыргыз адабиятын интеграциялап окутуунун илимий-методикалык негиздери (5-7-класстар). Автореф. пед.илим.канд. окум. даража. үчүн жазылган диссер. / М. Тешебаев. – Б., 2010. – 15-б.*

7. *Ушинский К.Д. О народности в общественном воспитании /Собрание соч. Т.2. М., Л., 1998, с.161*

8. *Шилова, М.И. Учителю о воспитанности школьников. – М.: Педагогика, 1990. – 144 с..*

9. *Яковлев С.В. Воспитание ценностных оснований личности в условиях культурной среды, организованной педагогом // Педагогическое образование и наука. - 2006. - N 4. - С.. 25-27 .*